**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№2/2025, 181-196

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2025_2_21

# ЕВРОПАДАГЫ ОРТО АЗИЯ: ЭКИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТА ТҮРКСТАН ЛЕГИОНУНУН КУРУЛУШУ, ИШ-АРАКЕТИ ЖАНА АКЫБЕТИ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ АЗИЯ В ЕВРОПЕ: ФОРМИРОВАНИЕ, ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ И СУДЬБА ТУРКЕСТАНСКОГО ЛЕГИОНА ВО ВТОРОЙ МИРОВОЙ ВОЙНЕ

CENTRAL ASIA IN EUROPE: THE FORMATION, ACTIVITIES, AND FATE OF THE TURKESTAN LEGION DURING WORLD WAR II

**Дастанбек Разак уулу**
*Дастанбек Разак уулу*
*Dastanbek Razak uulu*

**PhD, Ош мамлекеттик университети**
*PhD, Ошский государственный университет*
*PhD, Osh State University*
dastanrazakuulu@gmail.com
ORCID: 0000-0002-5326-2931

# ЕВРОПАДАГЫ ОРТО АЗИЯ: ЭКИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТА ТҮРКСТАН ЛЕГИОНУНУН КУРУЛУШУ, ИШ-АРАКЕТИ ЖАНА АКЫБЕТИ

**Аннотация**

Экинчи Дүйнөлүк Согуш орто азиялыктар үчүн да чоң кедергисин тийгизген окуя болгон. Анткени, күтүүсүз чыккан согуштан улам өмүрүндө Германия жөнүндө билбеген бул чөлкөмдүн эли фашисттик армия менен салгылаша башташкан. Бирок согушууга даярдыгы жок жана курал-жарактан алсыз болгон совет аскерлери алгачкы жылдагы кагылышууларда эле миллиондоп туткунга түшүп калышкан. Туткундагы советтик аскерлерди Гитлер бийлиги кайра СССРге каршы колдонууну чечип, аны үчүн аларга көз карансыздык убадалган. Бул жерде туткунга түшүп калган орто азиялыктардан да эмгрицияда жүргөн орто азиялыктар чоң роль ойношкон. Германиянын чыгыш министрлиги тарабынан туткундардан турган бир нече легиондор курулган. Алардын ичинен кыргыздар да кирген Түркстан легиону бар эле. 1942-жылдын алгачкы айларында Орто Азия, Кавказ, Волга боюндагы түрк тектүү элдер советтик аскер катары немистердин колуна түшүп, кайра эгемендүүлүк убадасы менен СССРге каршы согушкан. Аны үчүн атайын легион жана комитеттер курулуп, согуш аяктаганга чейин активдүү иштешкен. Бирок Германиянын согуштан жеңилүүсү менен бул легион жоюлган жана көптөгөн легиондогулар Советтер Союзуна өткөрүлүп берилген.

***Ачкыч сөздөр:*** Түркстан комитети, экинчи Дүйнөлүк Согуш, Советтер Союзу, Германия, Түркстан легиону, туткундар

## *ЦЕНТРАЛЬНАЯ АЗИЯ В ЕВРОПЕ: ФОРМИРОВАНИЕ, ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ И СУДЬБА ТУРКЕСТАНСКОГО ЛЕГИОНА ВО ВТОРОЙ МИРОВОЙ ВОЙНЕ*

**Аннотация**

Вторая мировая война также оказала большое влияние для народов Центральной Азии. В связи с неожиданным началом войны народ этого региона, не имевший никакого представления о Германии, стал сражаться с фашистской армией. Однако советские войска, не подготовленные к войне и не обладающие оружием, лишь в первые годы столкновений оказались в плену миллионами. Гитлеровский режим решил вновь использовать советских солдат в качестве оружия против СССР, пообещав им независимость. Здесь также сыграли большую роль среднеазиатцы, оказавшиеся в плену, и среднеазиатцы, находившиеся в эмиграции. Министерством иностранных дел Германии были сформированы несколько легионов из пленных. Среди них был и Туркестанский легион, в который входили киргизы. В первых месяцах 1942 года тюркоязычные народы Средней Азии, Кавказа и Поволжья попали в руки немцев как советские солдаты и снова сражались против СССР с обещанием независимости. Для этого были созданы специальные легионы и комитеты, которые активно действовали до окончания войны. Однако с поражением Германии этот легион был распущен, и многие легионеры были переданы Советскому.

***Ключевые слова:*** Туркестанский комитет, Вторая мировая война, Советский Союз, Германия, Туркестанский легион, военнопленные

## *CENTRAL ASIA IN EUROPE: THE FORMATION, ACTIVITIES, AND FATE OF THE TURKESTAN LEGION DURING WORLD WAR II*

**Abstract**

The Second World War also had a significant impact on the peoples of Central Asia. With the unexpected onset of war, the people of this region, who had no knowledge of Germany, began to fight against the fascist army. However, the Soviet troops, unprepared for war and lacking weapons, found themselves captured by the millions in the early years of the conflict. The Hitler regime decided to again use Soviet soldiers as a weapon against the USSR, promising them independence. Central Asians who were captured and those who were in exile also played a significant role here. Several legions made up of prisoners were formed by the German Ministry of Foreign Affairs. Among them was the Turkestan Legion, which included Kyrgyz. In the first months of 1942, Turkic-speaking peoples of Central Asia, the Caucasus, and the Volga region fell into the hands of the Germans as Soviet soldiers and again fought against the USSR with the promise of independence. Special legions and committees were created for this purpose, which operated actively until the end of the war. However, with Germany's defeat, this legion was disbanded, and many legionnaires were handed over to the Soviets.

***Keywords:*** Turkestan Committee, World War II, Soviet Union, Germany, Turkestan Legion, prisoners of war

**Киришүү**

Эки дүйнөлүк согуш тең орто азиялыктарга оор жоготуу алып келип, бир топ маселелерди жараткан. Бул согуштардын негизи Германия жана Орусиянын ортосунда жүрсө да орто азиялыктар негизги курмандыктардын бири болгон. Биринчи Дүйнөлүк Согуш учурунда Орусия падышачылыгынын Германия менен жүрүп жаткан фронтко орто азиялыктардын оор жумуштарга алуусу жана буга каршы чыккан чөлкөмдүн калкы падышалык өкмөт тарабынан 1916-жылы кандуу кыргынга кабылган. 1917-жылы падышалык өкмөттүн кулашы менен Орусиядагы мусулмандар өздөрүнүн бир катар автономиясын кура башташкан. Бирок октябрь революциясынан кийин кеңеш өкмөтүнүн орношу менен улуттук автономиялык өкмөттөрдү кандуу жол менен талкалаган. Мунун аркасы Фергана, Хива, Бухара чөлкөмүндө узака созулган басмачылык кыймылы келип чыккан. 1920-жылдардын экинчи жарымында совет бийлиги түрк-мусулмандар жашаган аймактарды толугу менен өзүнө каратып, улуттук-республикаларга бөлүп салганы менен кулака тартуу, колхоздоштуруу, беш жылдык план негизинде тап катары жоюу саясаты Советтер Союзунун курамында жашаган түрк-мусулмандарга күтүүсүз жагдайларды алып келген. Совет бийлигинин дал ушундай саясатынан улам Орусиядагы түрк тектүүлөрдүн айрымдары чет өлкөгө чыгып кетишкен. Алар Кытай, Ооганстан, Пакистан, Сауд Арабия, Египет, Түркия алды Европа өлкөлөрүнө чейин жетишкен. 1937-1938-жылдардагы Сталин өзүнө душман деп эсептеген каршылаштарына жасаган репрессиясы туу чокусуна жеткен. Дал ушул репрессияда орто азиялык, кавказдык, эдил-уралдык жүз миңдеген алдыңкы интеллегент өкүлдөрү жок кылынган. Падышалык Орусиянын андан кийин Совет бийлигинин түрк-мусулман элдерге карата жасаган саясатынан Германия жакындан кабардар эле.

XX кылымдын башында дүйнө империалист өлкөлөр тарабынан бөлүштүрүлүп бүткөн. Аскердик жана экономикалык жактан абдан күчтөнгөн Германиянын колониялары жок болчу. Мындай кырдаалда Франция, Англия жана Орусиянын колониялык аймактарына көз арта баштаган. Айрыкча ал Кавказ жана Орто Азия болгон кызыгуусун артырып, улам жашыруун чалгынчыларын, саякатчыларын жөнөтүп турган. 1916-жылдагы кандуу көтөрүлүштө да немис чалгынчыларынын, агенттери чөлкөмгө келгендиги архивдик булактарда кездешет (Восстание 1916 года в Кыргызстане, 1937, 70. Восстание 1916 года в Средней Азии и Казакстана, 1960, 307, Кыргыз Республикасынын Борбордук Мамлекеттик Архиви, Ф. 75. Оп. 1. д. 2. л. 69 об). Бирок биринчи дүйнөлүк согуш Германия күткөндөй аяктаган эмес. Эки каршы блоктогу Орусия да Германия да жеңилүү менен чыккан. Бирок Германиядагы ар түрдүү толкундоолор жана фашисстик партиянын бийликке келиши менен тез арада экономикалык жана аскердик жактан кубаттуу өлкөгө айланган. Натыйжада Германия жанындагы баардык коңшуларга коркунуч туудура баштаган. Гитлердик армиянын ачык эле коңшу өлкөлөрдү басып алуусу ошол кездеги дүйнөнүн баарын чочуткан. Дүйнө күткөндөй 1939-жылы экинчи дүйнөлүк согуш башталган. 1941-жылы Германиянын СССРге кол салуусу, Жапониянын АКШга жана Улуу Британияга кол салуусу менен дүйнө эки блокто согуша баштаган. Германия СССРге кол салгандан кийин баардык жагынан СССРди алсыратууга аракет кылган. Алардын бири совет бийлигинин кысымына кабылган баардык тараптарды СССРге каршы колдонгон. 1941-1942-жылы Германиянын колуна түшүп калган миллиондогон башка улуттарды башка улуттарды Кызыл Армияга каршы согуштурган. Алар үчүн атайын легион, комитет түзүп, келечекте эгемендүүлүк убадалаган. Алардын катарында орто азиялык түрк тектүү элдер анын ичинде кыргыздар да болгон. Туткунга түшкөн орто

азиялыктар Түркстан деген тарыхый аты менен Германияда Түркстан Улуттук Комитетин, Түркстан Легионун курушкан. Бул легион жана комитет 1945-жылга чейин иш алып барышкан.

Совет аскерлер фашисттик Германиянын туткунунда

Гитлердик Германия менен Сталиндик СССР 1939-жылы кол салышпоо жөнүндө эки тараптуу макулдашууга жетишкен. Бирок фашисттик Германия бул макулдашууну бузуп, 1941-жылы 22-июнда жогорку даярдыктагы армиясы менен Советтер Союзунун аймагына кол салат. Немис аскерлери кыска аралыкта Советтер Союзунун көп жерин басып алат. Германиянын СССРге кол салуусу менен совет бийлиги бүт өлкө боюнча моблизация жарыялаган. Колуна курал кармаган 16-17-жаштан жогору бүт эркектер фронтко аттанган. 1941-1943-жылдар арасында Германияга каршы согушуу үчүн 4.847.775 орто азиялык фронтко тартылган (Koçar, 2011, 26). Согуштун алгачкы 3 айында 1 миллион тегерегинде совет аскери немистердин колуна түшүп калат. Гитлер өкмөтү күтпөгөн мынчалык көп сандагы совет аскер тутукундары Германиянын башын оорута баштаган. Алгач туткундарды Германиянын аймагына алып келип жатса, 1941-жылдын аяктарында туткундарды Германияга алып келбестен, каратып алган Польша жана Украинадагы лагерлеге жайгаштыруу чечими кабыл алныган. Каралып жаткан окуяны изилдеген немис тарыхчысы Георг Фишшер 1 жылда туткунга түшкөн совет аскерлеринин саны 2.053.000 деп көргөзөт (Fischer, 1952,44). Ал эми ошол кездеги Германиянын чыгыш министрлиги 1 жылдагы колго түшкөн советтик аскерлери 3.600.000 деп жазган. Герман куралдуу күчтөрүнүн маалыматтарын булак катары колдонгон Александр Даллин 1941-жылы 3.355.000, 1942-жылы 1.653.000 совет аскерлеринин фашисттредин колуна түшүп калганын белгилейт (Dallin, 1981, 427).

Көпчүлүгү орус жана славяндардан турган Кызыл Армиянын согуштун алгачкы жылдарында колго түшүүлөрү жана Гитлер армиясы каршысында жеңилиши, артка чегиниши жана салгылашуу учурунда каза болушкан. Боштука кабылган бул фронтту кайра толтуруу үчүн Орто Азиядан аскерлерди тарта баштаган. Бул деген герман армияснын алдында орто азиялыктарды алдыга коюп, орус аскерлерин аз да болсо коруш үчүн бир тактика эле. Фашисттик кол салуудан артка чегинген кызыл армядагы орус аскерлеринин ордуна орто азиядан алган аскерлерди жайгаштырылгандыгы тууралуу ошол согуштун күбөсү германияда жашап өткөн өзбек тектүү тарыхчы Баймирза Хайит мындай деген. Согуш башталгандан кийин аскерге алынып, фронтко жөнөтүлгөн орто азиялыктардын саны 2 миллиондон көп эле. Алар өзгөчө алдыңкы фронтторго жиберилген. Болбосо алардын ал фронтторго согушууга аз гана бөлүгү ылайыктуу болчу. Алдыңкы саптардан же согушуудан качкандарды сураксыз эле ошол жерде атып таштаган. Ошентип орто азиялыктардын маңдайында гитлердик аркасында советтик аскерлердин куралы ортосунда калышкан (Ertürk, 1956, 142).

Ошентип совет армиясынын топ-топ болуп немис аскерлеринин колго түшүүсү күндөн-күнгө артып бараткан. Айрым учурда колго түшкөн советтик аскерлердин саны немис аскерлеринен көп болгон. Бул немис армиясы үчүн коркунуч эле. Ошентип Герман өкмөтүндө согуш туткундарынын маселеси келип чыккан. Германиянын туткунундагы совет аскерлери оор шарттарда калып, көпчүлүгү лагерлерде көз жумушкан (Çelik, 2017, 185).

Германиянын кол салуусунан кийин Совет бийлиги шашылыш моблизация жарыялаган. Сталин «мекенди коргоо» деген ураан менен бүтүк СССРдин жарандарын биримдик менен

аракет кылууну жана душманга каршы чогуу туруууга чакырган (Мусагалиева, 2016, 140-141). Анын үстүнө бул убакытка чейин Сталиндик режимдин жасаган репрессиясы калкты абдан коркутуп койгон. Согушка катышуу ыктыярдуу эмес, мажбур болгондуктан өлкөнүн баардык атуулу катышууга милдеттенидирилген. Ошол мезгилдин дүйнөдөгү эки ири аскердик державанын армиясы кагылышкан жерде эки тараптан тең чоң жоготууларга учураган. Экинчи дүйнөлүк согуштун жүрүшү өзгөргөн. (Glantz, 2001, 7).

Немистердин колуна түшүп калган совет аскерлеринин бир бөлүгүн түрк тектүү мусулмандар болгон. Мынчалык көп сандагы туткундар Германия үчүн келечекте маселе жаратышы мүмкүн эле. Ошондуктан алар басып алган жерлердеги аскердик гарнизондорду туткун лагерлери катары пайдалана баштаган. Алар адам чыдагыс оор шарттардагы лагерлерде кармалган. Туткундарга күнүнө 50 грам нан, жарым литр суу жарым литр шорбо берилген (Dağcı, 1998, 111-112). Коопсуздук максатында лагерди тегеретип орогон зым тосмого 5 метр жакындоого, кечки 7ден кийин бири-бири менен сүйлөшүүгө, түнү от жагууга, тамеки чегүүгө тыюу салынган. Миллиондогон совет туткундарынын ичинен Польшадагы лагерлерде 1941-жылдын аягында 130 миң орто азиялык туткундун ичинен 122 миңи өлгөн. 1941-жылы декабрда жалпысынан жарым миллион советтик туткун лагерлерде каза табышкан. 1942-жылдын февраль айына чейин Ченстахов туткун лагериндеки 32 миң орто азиялыктан 262 туткун гана тирүү калган. (Hıdıraliyev, 2001, 135).

Германия 1939-жылы Польша, Румыня сыяктуу өлкөлөрдү басып алган эле. Бул аймактарды башкаруу жана келечекте СССРге кол салса ал жерлерди тартип менен башкаруу үчүн бир комитет керек болчу. Германия муну дыккатык менен изилдеп чыгып, 1941-жылы 31-март күнү Чыгыш маселелери борбордук саясий бюросу курулган. СССРге кол салгандан кийин бул бюро Чыгыш Министрлиги (Ostministerium) болуп түзүлүп, министрликке Алферд Розенберг дайындалган (Muhlen, 2006, 78). Германиянын чыгыш министри Розенберг басып алган жерлерде ыктыярдуу деген ат менен аскердик бирдиктерди түзүп, булардан пайдалуунуу жолун издей баштаган. Алар герман армиясы тарабынан жардамчылар деп аталган. Жардамчылар: жергиликтүү коопсуздук бирдиктер, корукчу бирдиктер, тартип орнотуучу бирдиктер деген түрдүү классификацияга бөлүнүшкөн. Бул бирдиктерге көбүнчө украин жана белорус тектүү аскерлерден алынган. Мындан кийин баардык тууткундардан пайдалануу үчүн аларды изилдөө, тактоо үчүн атайын комиссия түзүлгөн. Бул комиссияда немис кызматкерлеринен сырткары согуштан мурда Германияга барып калган, орто азиялыктар, колго түшүп калып немистер менен кызматташууга макул болгон советтик түрк тектүүлөр да болгон. Комиссия мүчөлөрү туткун лагерелрин кыдырып, баардык түрк тектүү жана мусулмандардын тактап, атайын тизмегин чыгарышкан. Түрк тектүү совет аскерлеринин фашисттердин туткунуна түшүп калышы Түркиянын арага киришине себеп болгон. 1941-жылы август айында Түркиянын Германиядагы элчиси Хүсрев Гереде Герман тышкы иштер министри Риббентроп менен жолгушууда түрк тектүү туткундарды СССРге каршы колдонууга болорун айткан. (Gerede, 1994, 48). Ошондой эле Түркиянын премьер-министри Рефик Сайдам Германиянын жетекчилери менен байланышып, түрк тектүү тукундурадын абалын жакшыртуу боюнча сүйлөшкөн (Hostler, 1958, 265). Андан сырткары генерал-лейтанант Хусейин Хүснү Эркилет жана генерал Али Фуат Эрден Түркиядагы Герман элчиси фон Папен аркылуу Германияга чакырылган. Алар жогорку жетекчилер менен жолугушуп лагерлердеки түрк тектүү жана мусулмандардын жагдайын жакшыртуу, аларды башка туткундардан өзгөчө мамиле кылууну жана алардан пайдаланууну сунушташкан. Ошондой

эле согуштан мурда Германияга эмигрант болуп кеткен түркчүл: казак Мустафа Чокай, өзбек Вали Каюм Хан, башкыр Зеки Вали Тоган жана Саид Шамил сыяктуу интелегенттер да түрк тектүү туткундардын абалын аныктоодо чоң роль ойношкон (Кокебаева, 2009, 223-224). Германия туткундагыларды машыктырып, алгачкы жолу 1941-жылы 15-ноябрда кавказдык жана орто азиялыктардан турган батальон түзгөн. Бул жакшы натыйжа берген. Мунун аркасынан 1942-жылдын ортолоруна жакын Чыгыш легиону курулган. Кийинчээрэк Чыгыш легиондун курманыда чөлкөм атын алган легиондор курула баштаган. 1942-жылы 21-августа Эдил-Урал легиону курулуп, ага колго түшүп калган татар, башкыр, чуваштар кирген. (Гилязов, 2016: 15). Андан кийин Азербайжан легиону, Түндүк Кавказ легиону, Армиян легиону, Грузин легиондору да курулган.

Германияда Түркстан легионунун курулушу

Чыгыш легионунун ичинен Түркстан легиону болуп өзүнчө курулушунда эмиграцияда жүргөн эки орто азиялык эки инсан маанилүү роль ойногон. Алардын бири Кокон автономиясынын өкмөт башчысы улуту казак Мустафа Чокай. Ал Совет бийлиги менен келише албай көп жылдан бери Францияда жүргөн (Kara, 2002, 783). Экинчиси 1920-жылдары Бухара Республикасы тарабынан Германияга окууга жиберилип, ал жакта калып кеткен Вали Коюм Хан эле. Мустафа Чокай немистер тарабынан Түркстан легионунун курулушу үчүн тандалып алынган. Коюм Хан 1941-жылы Парижге барып Мустафа Чокай менен жолугуп, немистердин ага Түркстан легионунун курулушу үчүн чакырып жатканын жеткизген. Ошентип М. Чокай да 1941-жылы күз айларында Берлинге келген. Ал туткундар кармалган лагерлерди кыдырып көрүп, түрк тектүү туткундардын лагерлерде өлүп жатканын көрүп, Гитлердик бийлик сунушуна макул болгон. Алгач лагерлерди кыдырып, улуттары боюнча сурамжылоо жүргүзүп тактаган (Шокай М. Шыгармаларының жыйнагы, 2012, 485). Алар славян эмес туткундардын абалын жакшыртуу үчүн түрк элдеринин бирден өкүлдөрүнөн турган комиссия түзүүнү сунуштаган. Ошентип ал комиссияга Түркстандан; Мустафа Чокай менен Вали Коюм Хан, Түндүк Кавказдан; Али Кан Темир, Азербайжандан; Мехмет Эмин Расулзаде, Эдил-Уралдан; Ахмет Темир киришкен. М. Чокай туткундардын тылда иштетүү үчүн суранган. Бирок орто азиялыктардын Германиянын армиясы катарында совет армиясы менен согушууга каршы болгон. Ал эми Вали Коюм хан туткун лагерлерин кыдырып көрүп 400 000 орто азиялык менен жолукканын билдирген (Aydın, 2019, 64). Комиссиянын чыгарган жыйынтыгында түрк тектүү туткундарды өзүнчө бөлүү жана алар менен кызматташуу билдирилген. Ошентип комиссиянын билдирүүсүн Гитлердик бийлик жактырып, орто азиялыктар жалпы туткун лагерлеринен өзүнчө бөлүнгөн, тамак-аш маселеси чечилген, мончо жана таза кийим муктаждыктары камсыздалган. (Özcan, 2015, 240). Бирок Мустафа Чокай 1941-жылы 27-декабрда оорудан улам көз жумган. Анын өлүмүнөн кийин Түркстан легионунун курулушу үчүн Вали Коюм Хан милдеттендирилиген (Andican, 2017, 26). Ошентип ноябрь айынан баштап Орто Азиялык жана Кавказдык туткундардан турган топторго кол салуу, курчоо, салгылашуу боюнча машыгуулар өтө баштаган.

Германиянын чыгыш министри Розенбергдин советтик туткундардан ыктыярдуу аскердик бирдиктерди куруу планына Гитлерди ынандырып, 1941-жылы 30-декабрда расмий бекиттиргенден кийин аскердик бирдиктерди куруу ишин баштаган. Украин, белорус, прибалтикалык жана совет бийлигине каршы согушууну каалган орус туткундарынан турган бирдиктерге «чыгыш легиону», орто азия жана кавказдык туткундардан турган бирдиктерге деген аталыш берилген. Алгач кавказдык жана орто азиялык мусулмандарга мусулман

легиону деген ат менен курууну пландаштырылган. Бирок бир айдан кийин кабыл алынган чечимден кийин Кавказ жана Түркстан легиону деп экиге бөлүү чечими чыккан. Ошентип 1924-жылы 15-январда айынын аягында туткунга түшкөн кыргыз, өзбек, казак, каракалпак, түркмөн, тажик аскерлерден жана эмиграцияда жүргөн орто азия тектүүлөрдү камтыган Түркстан легиону курулган (Kumru, 2024). Ошентип бул топко улуттун аты менен же географиялык ат менен эмес тарыхый этно-географиялык аты болгон түркстандыктар деген аталыш менен кайрыла баштаган. Түркстан легионун куруу планы учурунда бул легионду башкаруу жана көзөмөлдөө үчүн Вали Каюм Хан тарбынан Түркстан Улуттук Биримдик Комитети түзүү үчүн аракетин баштаган. Чыгыш министринин макулдугуна алган Каюм Хан, 3 маселе бул комитет аркылуу караларын да ынандырган.

Биринчиси; Түркстан (Орто Азия) тууралуу баардык саясий иш-аракеттер бул комитет аркылуу жүргүзүлөт. Экинчиси; Түркстан легионунун көзөмөлү комитет аркылуу жүргүзүлүп, легион аскерлери немис аскерлери менен бирдей шартта камсыздалат. Үчүнчүсү; Түркстан комитетинин жана Түркстан легионунун чыгымдары кийин Түркстан СССРден көз карансыздыкты алгандан кийин төлөп берүү шарты менен Германия тарабынан каржыланат (Andican, 2017, 27).

Ошентип Түркстан легионун курулушунан өз өтпөй Түркстан Улттук Биримдик Комитети (ТУБК) 1942-февраль айында түзүлгөн. Бул комитет 21 кишиден турган. Комитет төрагасы жана баш катчыдан сырткары: аскердик, илим, адабият, билим берүү, дин, салматтык, басылма жана маалымат тармактарында бөлүм башчылары жана жардамчылары кызмат кылышкан. Комитеттин төрагасы Вали Коюм Хан шайланган (Садыкова, 2002, 70). Ал Коюм Хан деген кошумча атты да ошондо алган. Ал эми комитеттин орун басары жана пропаганда боюнча кызматты кыргыз Алманбет Саттаров жана өзбек Биймирза Хаит аркалаган. ТУБК курулгандан кийин Түркстан легиону комитетин аскердик канаты (институ) катары баш ийген. Легион жана комитеттин туусу жебе менен жарым айдын сүрөтү түшүрүлгөн көк түстө болгон. Легион аскерлери да немис аскерлеринин формасын кийишкен. Бирок алардын оң далысында «танры биз менен» (теңир биз менен) деген жазуу немис аскерлеринен өзгөчөлөнтүп турган. Түркстандык аскерлердин немис тилин үйрөтүү үчүн Потсдам жана Берлин шаарында тил мектептери ачылган. Ошондой эле маданий жана коомдук иш-чараларды өткөрүүгө уруксат берип, согушта эрдик көрсөткөндөргө баатыр наамы менен сыйланып, Берлин шаарында кино, театр, спорт жана концертке киргизип турушкан (Çigatay, 1943, 63-64). Гитлер өкмөтү түркстандыктардын улуттук темаларда да билим алууларына уруксат берген. Легионова шаарындагы офицердик лицейде Түркстан улуттук тарыхы жана түркстандыктардын улуттук күрөшү тууралуу сабактар өтүлгөн. Дрестен шаарында ТУБК алдында пропаганда жана молдо даярдаган мектеп ачылган (Mühlen, 2006, 162). Бул жердеги молдолордон тарбияланып чыккан окуучулар фронтторго жөнөтүлүп пропаганда кылышкан. Түркстан легиону аскерлери жума күндөрү жума намаздарын окууга жана куран уга алышкан, диний сабактарды окуй алышкан. Ошентип аскердик машыгуулардан өтүп, Герман армиясына ылайыкташкан түркстандыктар 1942-жылдын май айынан баштап советтик армияга каршы согуш майданына жибериле баштаган.

Түркстан Улуттук Биримдик Комитетинин басылма жана адабият аркылуу пропагандасы

Түркстан Улттук Биримдик Комитети алдында басма сөз жана мезгилдүү басылма өнүккөн. «Миллий Түркстан» (улуттук түркстан) журналын, «Йанги Түркстан» (жаңы

түркстан) газетасы, «Миллий Эдебият» (Улуттук адабият) журналдары чыга баштаган (Millij Türkistan, 1949, 6). Бул журналдар; Совет бийлигин сындаган, массалык репрессия, Орто Азиянын калониясы, тоталитардык бийлик, Орто Азиянын көз карансыздыгы, улуттук тарых, адабият, эпостор боюнча макала, жаңылык, жазуулар жарыялана баштаган. Бул басылмалар кыргыз, өзбек, казак, түркмөн, каракалпак тилдеринде латын алфавити менен чыгып турган. Туткунга түшкөн ар бир орто азиялык өз тилинде макала жана чыгармаларын жарыялашкан. Бул басылмалар чыккан күндөн тарта фронттогу легион аскерлерине таратылган (Uznel, 2012, 12). Алар Кызыл Армия катарында согушка катышып жаткан орто азиялык аскерлерге бул журнал, газеталарды жеткиришкен. Бул басылмалар Совет армиясындагы орто азиялыктардын колуна тийип калган учурда топ-тобу менен Германия тарапка өз ыкытяры менен өтө башташкан (Hüseyin İkram Han, 1953, 13). Немистер 1942-жылы ноябрь айында советтик армияда салгылашып жаткан түрк тектүүлөргө Германия тарапка өтүү үчүн жана Түркстан легиону тууралуу маалымат жеткирүү үчүн учактардан каттарды таштаган. Катта: «Биз Түркстан улуттук аскерлери, Германиянын колдоосу менен журтубуздагы орус империялизмине каршы күрөшүп жатабыз. Миллиондогон түркстандык большевиктердин курмандыгы болушту. Большевиктер өздөрүнүн кызыкчылыгы үчүн сиздерди согуштуруп жатат. Мынчалык зулумдук жетишет, куралдарыңыздарды таштап, Түркстан Улуттук Армиясына кошулуңуздар» деп жазылган (Hüseyin İkram, 1953, 13).

Улуттук Түркстан журналы 1942-жылы 15-июнда тарта чыга баштаган. Анда биринчи санынын биринчи бетине «Биздин жол» деген ат менен макала жазган. Бул макалада журнал СССРге каршы улуттук аң-сезимди ойготууну, көз карандысыз, бүтүн, бөлүнбөс Түркстан пикирине кызмат кылуу үчүн курулганын белгилейт. (Biznin Yol, 1942, 3-4).

Түркстан легионуну гимни төмөндөгүдөй болгон.

Гөзел Түркстан сенге не болди
Себеб вактысыз гүллерин солди, эй гүллерин солди
Жеменлер бербад, кушлар хем ферйад,
Хеммеси мезлум, болмас мидир шад,
Эй болмасмидир шад,
Билмн не үчүн кушлар учмаз бакчаларында
Эй бакчаларында
Бирлигимизин тебренмез таки, үмидимизин сөнмаз чигары
Эй сөнмез чигари
Бирле, эй халкым келгандир чагы Безлесин енди Түркстан багы,
Эй Түркстан багы
Коазгал халкым йетер шунча жебру-жефалар, эй жебру-жефалар,
Ал байрагинни, калбин ойгансин,
Куллиг эсрает баржаси йансын,
Кур йени девлет йавлар өртенсин, өсиб Түркстан каддин көтерсин,
Эй каддин көтерсин,
Йайраб, йашнаб өз ветенин гүл баклары да, эй гүл баклары да
Йайраб, йа, наб өз ветенин гүл баклари да.
Эй гүл баклари да.

Туткундарды улуту, аймагы боюнча бөлүштүрүүдө комиссия жетишсиз болгондуктан немис жетекчилери атайын байланыш бюролрун куруп баштаган. Орто азиялыктар үчүн атайын Түркстан Байланыш Бюросу курулган. Мунун жетекчиси да Вали Коюм Хан болуп шайланган. Машыгуудан жана тарбиядан өткөн аскерлер Түркстан Улуттук Биримдик Комитетинин туусу алдында ант беришип, аскер бирдиктерине кошулушкан. Алгач Түркстан легиону 5 ротадан турган. Ар бир рота 4 бөлүктөн, бөлүктөр 30 дан аскерлерден турган (Dağcı, 1998, 173). Кийинчерээк бирдиктер 130-150 кишилик кээде 750 кишиден турган топтордон турган. Ар бир бирдиктин 15% немис офицеринен жана аскерлеринен турган.

Польшадагы түркстан легионунда 1942-жылы 450, 452, 781, 782, 783 жана 784-батальондон жалпы алты батальон курулган. 1943-жылдын башында 785, 786, 787, 788 жана 789-батальон; 1943-жылдын экинчи жарымында 790, 791 жана 792-батальон болуп, жалпы 14 батальон курулуп, ар жердеги фронтторго жиберилген (Aydın, 2019, 647). 1942-43-жылдары Түркстан легиону (Turkestanischen Legion) деген ат менен белгилүү болгон бирдиктер; 1944-45-жылдары СС Чыгыш Түрк Куралдуу Күчтөрү (Osttürkischen-Waffenverband der SS) деген аталышты алган. Аскерлерди бирдиктерге бөлүштүрүү жана жөнөтүү иши өзбек тектүү Баймирза Хайит алып барган. Анын айтымында 1944-жылы Германия тарапта согушкан 181.402 түркстандык аскер болгон. Андан сырткары немис формасын кийип тылда иштеген 85.000 тегерегинде түркстандык туткун болгон. (Özkarabekir, 2005, 166). Түркстан легионундагы аскерлер Ленинград курчоосу, Сталинград салгылашуусу, Нордличт операциясы, Калининград салгылашуусунда катышышкан. Сталинград салгылашуусунда 3 түркстандык батальон согушуп, оор жоготууга учураган. Совет бийлиги Түркстан легионунун аскерлерине гитлерчи кара фашист деген аттарды тагып, аларды эл душманы катары көрссөткөн пропаганда баштаткан (Asan Bek, 1943, 19).

Вали Каюм Хан легион аскерлери совет армиясынын колуна түшүп калса суракcыз атылаарын сезип, легион аскерлерин батышка алып келүүнү өтүнгөн. Ошентип 1944-жылы Түркстан легионун Германияда калган калдыктарын Франция жана Италиядагы АКШ күчтөрүнө каршы салгылаштарга катыштыра баштаган. Бирок Каюм Хан Түркстан легионунун АКШга каршы согушуусун каалаган эмес. Батыш фронтто да түркстандык аскерлери оор жоготууга учурашкан. Гитлер бийлиги түркстандыктарды 1943-жылы 19-майда Варшовада чыккан көтөрүлүштү басуу үчүн да колдонгон. 1944-жылы легион аскерлери Словакиядагы партизандарга каршы согушууга жөнөткөн. 1945-жылы Австрияга жөнөтүлгөн легион аскерлери майда АКШ жана Англия күчтөрүнө багынышкан (Özkarabekir, 2005, 162). 180 миң Түркстан легионундагы аскерлердин 90 миңи Франция, Нидерландия, Польша, Австрия жана Грекия менен болгон салгылаштарда каза табышкан. Булардын ичинен СССР менен согушта 65 миңи СССР менен согушта өлүшкөн. Германия аскерлери катары СССР менен согушта кайрадан он миңдеген орто азиялык легиончулар Кызыл Армиянын колуна түшүп калышкан. Совет армиясына колго түшкөн легион аскерлеринин 10 миңи концлагерлерде ачкачылык жана кыйноодон көз жумушкан.

Германия бийлиги алдында алгач улуттук комитет болуп түзүлгөн уюмдар 1943-жылдын октябрь айынан баштап Чыгыш министрлиги жана коргоо министрлигинин кабыл алган чечеими менен «улуттук өкүлдөр» деп атала баштаган. Улуттук комиттеттер өздөрүнүн өлкөлөрүнүн өкүлдөрү катары саналган. Бул чечим менен Түркстан Улуттук Биримдик Комитети да Түркстан Улттук Өкүлчүлүгү деп өзгөргөн (Andican, 2017, 26). Түркстан Улттук өкүлчүлүгү 1944-жылы Түркстандын (Орто Азия) көз карансыздыгы боюнча иш-чараларды

башташкан. 1944-жылы 8-10-июль күндөрү Вена шаарында Түркстан улуттук өкүлчүлүгү мүчөлөрү, Түркстан легионуну жана фронттогу бирдиктерден шайланган 537 делегаттын катышуусу менен курултайга чогулушкан. Курултайда Вали Коюм Ханды Түркстан көз карансыздыкты алгандан кийин алгачкы өлкө башчысы катары шайлашкан. Бул курултайда кабыл алган резолюцияга ылайык 14 киши Түркстан улуттук өкмөтүн түзүшмөк. Курултайга катышкан 70 киши Түркстандын парламентинде эл өкүлү, мыйзам чыгаруучу депутаттары болмок. Ошентип бул курултайда кабыл алынган чечим боюнча сүргүндөгү Түркстан Өкмөтү курулган. Гитлер бул курултайга телеграф куттуктоо жиберген 1945-жылы март айында чыгыш министрлиги убактылуу Түркстан Улуттук өкмөтү катары тааныган. Түркстан легиону бул өкмөттүн армиясы катар каралган (Uzunel, 2012, 7). Түркстан легиону баардык орто азиялыктарды бириктиргени менен арасында айрым келишпестиктер да орун алып турган. Жогоруда белгилегендей татар, башкыр, ногой, чуваштар Эдил-Урал легоинун куруп, Түркстан легионунан бөлүнүп кетишкен эле. Ал легионудун төрагасы Ахмет Темир 1943-жылы татар-казак долбоорун куруу идеясын чыгыш министрлигине билдирген. Каюм Ханга оппозииция болгон казак Карес Канатбай 1944-жылы ТУБКнин баш катчылыгына шайланган. Ал 1945-жылы февраль-март айларында Түркстан Улуттук Курултайын курганын жарыялаган (Oraltay, 1973, 176). Бул деген Германиядагы Түркстан комитетинин экиге бөлүнүшү дегенди билдирген. Кыязы бул жерде Карес Канатбай келечекте Түркстан көз карансыздыкты алса Каюм Хандын лидерлигин каалабаса керек. Балким советтик агенттердин жашыруун легионду бөлүп жаруу саясаты да болушу ыктымал. Тилеке каршы 1945-жылы май айында фашисттик Германия багынган. Муну менен Түркстан комитети, легонду коркунуч күтүп келе жаткан. Германиянын багынышы менен бул уюмдар да жоюлган.

Германиянын жеңилишинен кийин Түркстан легионунун тагдыры

1945-жылы май айында германиянын багынышы менен СССР, АКШ, Англия ортосунда Германиянын жана анын өнөктөштөрүнүн тагдыры талкуулана баштаган. Согуштан күчтөнүп чыккан Советтер Союзу туткундарды кайтарып берүүнү талап кыла баштаган. Алгач АКШ жана Англиянын колуна түшүп калган Түркстан легионунун он миңдеген аскерлери СССРге өткөрүлүп берилген.

СССРге өтөкүрүлүп берилген баардык легиончулар же немистердин колуна түшүп легионго кошулууну каалабастан туткун лагерлеринде жаткандар да совет бийлиги тарабынан оор жазага тартылышкан. Көпчлүгү чыккынчы деген берене менен атылып кетсе, бир тобу Сибирге сүргүнгө айдалган. СССРге өткөрүлүп берилген легион жана туткун аскерлер атылып ташталганын уккандардын айрымдары өз өмүрлөрүн ошол жерде кыйышкан. Айрымдары ар башка өлкөлөргө, айылдарга качып, жашынышкан (Şahnazov, 2008, 150). Түркстан легиончуларынын айрымдары Түркияга качкан. Алар улуттарына жараша лагерлерге жайгаштырылган. Түрк тектүү качкындар Түркиянын Йозгат шаарындагы лагерге жайгаштырылган. Бирок Советтер Союзу Түркиядан туткундарды өткөрүп берүүнү талап кылган. СССРдин кысымынан улам Түркия өкмөтү 237 советтик аскердин 195ин 1945-жылы 6-августа Түркия менен СССР (Азербайжан) чек арасынан өткөрүп берген. Бирок СССРге өткөрүлүп берилген качкындардын айрымдары белгисиз жоголгон. Мындан кийин Түркия өкмөтү калган 42 аскерди өткөрүп берүүдөн баш тарткан. Өткөрүлүп берилген 145 аскердин айрымдары жолдо качууга үлгүргөн. Түркия бул качып кеткендерди кармаганы менен аларды да өткөрүп берген эмес. 1947-жылы 1-сентябрда Йозгаттагы качкындар лагери жоюлган жана

Түркияда калган советтик түрк тектүү качкындарга жарандык берүү чечими чыккан. TBMM Tutanak Dergisi, Dönem: IX, Cilt: 9, Toplantı: 1, 101. Birleşim (18 Temmuz 1951).

1945-жылдын апрель-май айларында Герамниянын жеңилиши легион аскерлеринин келечеги үчүн да кооптуу жагдай эле. Антктени Герман аскерлери катары легион аскерлери да Кызыл Армиянын колуна түшкөн. Германия толук багынгандан кийин СССР, Англия, АКШ макулдашуусу боюнча туткунга түшкөн ар өлкөнүн жараны кайтарылып берилмек. Италия жана Францияда согушуп Англия менен АКШнын колуна түшүп калган түркстандыктардын көпчүлүгү СССРге өткөрүлүп берилген (Gilyazov, 2016: 23). Жалпысынан 80 миңдей легионго катышкан казак, кыргыз, өзбек, түркмөн, тажик СССРге өткөрүлүп берилген. Тилекке каршы алардын көпчүлүгү чыккынчы деген ат менен чек арадан өтөөрү менен атылып кеткен.

Түркстан легионуна катышкан жана туткунда калган кыргыздар

Маалым болгондой Уулу Ата Мекендик согушка 360 миң кыргыз катышкан деп көргөзүлөт. Советтик армиянын катарында башка аскерлерге окшоп миңдеген кыргыз аскерлери да фашисттик армиянын колуна түшүп калган. Түркстан легионун куруп жатканда кыргыздардан жазуучу Алманбет Саттаров да болгон. Ал кыязы 1941-жылы эле колго түшүп калган. Анткени 1942-жылдын башында Түркстан легиону жана Түркстан Улуттук Биримдик Комитети курулуп жатканда активдүү роль ойногон. Комитеттин пропаганда боюнча кызматын аркалап, төраганын орун басарлыгына шайланган (Смагулова, 2017, 170). Ал 1942-жылы 15-июндан баштап чыга баштаган Миллий Түркстан (Улуттук Түркстан) журналынын жооптуу редактору болгон. Алманбет Саттаров 1942-1945-жылдары чыгып турган Улуттук Түркстан журналына, Улуттук Адабият журналына; ырларды, Манас эпосу, советтик саясат тууралуу Беталман деген жашыруун ат менен жазып турган. Негизинен ал басылмаларга жазып турган баардык орто азыялыктар өз аты менен жазышкан эмес. Баары жашыруун ат колдонушкан. Мисалы тарыхчы Баймирза Хаит Эртүрк деген лакап атты колдонгон. Андан сырткары Күрешчи, Элбек, Элчи, К, Арслан-Бей, Асан Кайгы, Курал, жалгыз, Бензин, Хан, Элтер, Авез, Фазыл, Куралбай, Ахжан, Лүсер, Эрнекче, Равшан, Өткүр, Өлмес, Шавкат, Баш Молдо, Чанки, Вахаб, Адил, Түркзада, Башкарма, Мамат, Кескин, Фатих, Алтай ж.б. жашыруун аттарды жамынып жазууларды жазышкан. Албетте мунун себеби Сталиндик бийликтен кооптонгону үчүн болгон. Анткени эгер Сталин алар тууралуу билип калса мекенде калган туугандарына залал келип калышы ыктымал эле. Айрымдарынын аттары билинсе айрымдары белгисиз боюнча калган. Мисалы Асан кайгы деген ат менен жазган орус тилинен сабак берген казак тектүү Маулкеш Кайбалды деген болгон (Какен, 2000, 67). Улуттук Түркстан журналынын алгачкы саны 1942-жылы 15-июнда жарык көргөн. Алманбет Саттаров 1942-жылы 15-ноябрдагы 9-санына Millij Türkistan Meçmüesi Jönündö (Улуттук Түркстан журанлы жөнүндө) деген алгачкы жазуусун жарыялаган. Ошол эле жылдын 10-декабрда чыккан 9-санына Совет өкмөтүнүн жазалоо органдары, 1943-жылы 15-июндагы санына Тил куралы, 1-августагы 25-санына Фүхрер принцип жөнүндө, 27-санга баатырдык эмей эмне, 1944-жылы 1-марттагы санга Абылай Дастаны тууралуу деген макалаларын жазган (Uznel, 2016, 251-254). 1943-жылы Берлинде Тыныбектин вариантынан үзүндүнү латын алфавити менен кыргызча китеп жарыялаган. Андан сырткары да "Жумаш", "Зарлык", "Добул" деген ат менен кыргызча, казакча ырлар жарыяланып турган.

Согуш боюнча туткунда калып, бирок фашисттик немистер менен кызматташууга барбай, СССР тарапка да өтө албай калгандардын бири Азамат Алтай. Ал 1941-жылы август

айында Литвада несмитердин колуна туткунга түшүп калат. Ал туткунда башка кыргыздарга да учураган. Согуш бүткөндө батышта калып кеткен Азамат Алтай кийинчерээк Чалкан деген ат менен 1951-1953-жылдары Мюнхенде чыкчу Түрк эли дегене журналга латын арбинде кыргызча макалаларды жазып турган. Кийинчэреек Азаттык радиосунун кыргыз берүүсүн алгачкы жолу баштаган киши болуп калган (Чоротегин, 2010, 18).

Изилденген маалыматрга караганда фашисттердин колуна түшүп калган; Ош облусунан 59, Жалал-Абад облусунан 45, Тянь-Шань облусунан 55, Фрунзе облусунан 49, кыргыз жоокерлери деген тизмеде 36, бардыгы болуп 244 кыргыз аскер туткунунун тизмеси жарыяланды (Байдилдеев, 2022). Түркияда илимий изилдөөлөрүбүздү жүргүзгөн мезгилде Корбашы Парпи Өзгөндүн уулу Хамит Өзгөн 1954-жылы Пакистан аркылуу Түркияга баргандыгын жана Германиядан согуштан кийин келген бир кыргызды Адана облусунда жолуктурганын айтып берген. Дагы бир Германияда калып кетип, ошол жакта жашап-иштеп, 1970-жылы пенсияга чыгып, Түркияга келген Фысырбек аттуу бир кыргыз болгон. Аны Түркиялык кыргыздар Фысырбек деп атап ошол боюнча чыныгы атын билбей калышкан. Ал 1970-жылдардын аягында кайтыш болуп, сөөгү Кония облусуна коюлган (Razak uulu, 2023, 149). Мындан сырткары немистердин колуна туткунга түшүп калган жана легиондо кызмат кылгандар; Суртаналив Акеш, Абдырахман Алиев, Муратов Раимкул, Турдалиев Бейшен, Кетербай Досманбет, Сыдык Алдашев, Омурсаков Абде, Эшимканов Асанбектин, Айдаралиев Езенали, Шералиев Тулень, Ашыралиев Аскарбек, Мараджанов Пазел, Мамыралиев Акмат жана башка туткундар тууралуу Эсимде изилдөө аянтчасы интернет айдыңына жарыялашкан (Эсимде, 2020). Бул аттар билингени гана экендигин эске салабыз. Дагы миңдеген кыргыздын аты-жөнү, тарыхы, тагдыры ачыла элек.

Жыйынтык

Орто Азиялыктар үчүн эки дүйнөлүк согуш тең түздөн-түз чоң таасир берген. Биринчи жолкусунда Орто Азия Орсуиянын колониясы катары согушка баруудан баш тартып, көтөрүлүшкө чыгып, кайра эле колонизатор падышалык өкмөт тарабынан кандуу кыргынга учураган. Ошого карабастан он миңдеген орто азиялыктар согушка катышкан. Биринчи дүйнөлүк согуштун аякташы менен согушуп жаткан Орусия жана Германия империясы кулап, ордуна башка типтеги башкаруудагы бийлик келген. Алар мамлекетти түп тамырынан бери өзгөртүшкөн. Борбор Азия Орусиянын мурдагы колониялык аймагы катары Советтер Союзуна кирген. Албетте алгачкы жылдарына советтик бийликке каттуу каршылык болсо да Сталин мезгилинде күч менен баарын баш ийдирүү менен Борбор Азия, Кавказ, Сибирдеги элдерге улуттук автономия берип, советтик республикаларды берген. Ошентип башка улуттар да советтик республикаларды алуу менен Союздун жараны катары эсептелишкен. 1939-жылдагы экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы келечекте СССР менен Германиянын согушуна алып келген. Советтер Союзунун жараны катары орто азиялыктар да мекен милдети катары совет армиясында аскердик кызмат өтөшкөн. Алар 1940-жылдардагы Совет-Фин согушуна, Прибалтика, Польшадагы салгылашууларга катышышкан. 1941-жылы 22-июнда фашисттик Германиянын СССРге кол салуусу менен Сталин шашылыш баардык жарандарды мекенди коргоо үчүн аскердик мобилизация жарыялаган. Эч кандай даярдыксыз, машуугусуз немис аскерлерини алдына чыккан жүз миңдеген советтик аскерлер 1941-жылдын июль-август айларында эле колго түшүп калышкан. Бул сан 1941-жылдын аяктарына барып 5 млнго

жакындаган. Гитлердик өкмөтүүн чоң баш оорусуна айланган. Арасында жүз миңдеген түрк тектүүлөр да болгон. Алардын көпчүлүгү туткундар лагериндеги начар шарттан улам каза болушкан. Туткундарды кайра СССРге каршы согуштуруу идеясы менен Гитлердик өкмөт атайын легиондорду кура баштаган. Ал легиондор арасында орто азиялыктар үчүн Түркстан легиону 1942-жылдын январь айында курулган.

Бул легионду башкаруу үчүн Түркстан Улуттук Биримдик Комитети түзүлгөн. Гитлер өкмөтү эгер Германия СССРди жеңе турган болсо Түркстандыктар үчүн көз карандысыз өлкөнү убада кылган. Бул үчүн Германияда Вали Коюм Хан, Францияда жүргөн Мустафа Чокай жана советтик аскер катары колго түшүп кийин немистер менен иштешүүгө макул болгон орто азиялыктар чоң роль ойногон. Түркстан Улуттук Биримдик Комитети бир өкмөт катары иштеп, атайын ар тармактагаы апараты, радиосу, журналдары жана газеталары болгон. Легиондогу аскерлер үчүн, совет карамагындагы казак, өзбек, кыргыз, түркмөн, каракалпак аскерлери үчүн журнал, газеталарда Советтик бийликти сындаган, адабият, маданият жөнүндө ырлар, чыгармалар, макалалар жазылып турган. Муну жазгандар өз аттары менен эмес башка атттар менен жазышкан.Алардын арасында кыргыздар да болгон. Түркстан Улуттук Биримдик Комитетинин төрагасынын орун басары, пропаганда боюнча жооптуу Алманбет Саттаров деген кыргыз болгон. Ал Улттук Адабяит, Улттук Түркстан деген журналдарга көп макалаларды жазып турган. Манастан үзүндү катары китеп кылып жарыялаган. Андан сырткары легиондо жана туткунда калган миңдеген кыргыз болгон. Алардын бир тобу согуш бүткөндө СССРге кайтса, айрымдары ошол жакта калып кетишкен. Негизинен бул тууралуу Түркия, Казакстан, Өзбекстан, Азербайжан окмуштуулары көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүп келишет. Кыргызстан бул жаатта жай баратканысыйт. Болгон мүмкүнчүлүктү колдонуп, бул тема тууралуу, Германиядагы согуш туткундары, Германиядагы кыргыз адабияты тууралуу терең изилдөө керек.


**Колдонулган адабияттар**


1. Байдилдеев, Ж. Экинчи дүйнөлүк согуш: Түркстандык аскер туткундары, 2022-ж, 8-май, https://www.azattyk.org/a/ekinchi-duynoluk-sogush-turkstandyk-asker-tutkundary/31835299.htm. Кирген: 10.04.2025.
2. Восстание 1916 года в Кыргызстане, Сборник документов, Фрунзе, 1937.
3. Восстание 1916 года в Средней Азии и Казакстана, Сборник документов, Москва, 1960.
4. Какен А. Түркстан легионы. Астана, 2000.
5. Кокебаева Г.К. Германия-СССР: политика, война и плен. Алматы, 2009.
6. Кыргыз Республикасынын Борбордук Мамлекеттик Архиви, Ф. 75. Оп. 1. д. 2. л. 69 об.,
7. Садыкова Б.И. История Туркестанского легиона в документах. Алматы, , 2002.
8. Чоротегин Т. Ала-Тоонун батыштагы бүркүүтү (Азамат Алтайдын 90 жылдык маарекеси), Бишкек, 2010.
9. Шокай М. Шыгармаларының толык жинагы. 12 том, 1-том, Алматы, 2014.
10. Эсимде фейзбук изилдөө баракчасы, 2020. https://www.facebook.com/esimdekg/posts/pfbid02un3nS96M92kmS5ScVfnPZHjUMMeA2JoupvPh5wMPofd3UGfVCqYeoxHQKFxiQG8Hl?__cft__[0]=AZXAf5jWRlq8Bihym

Kk-q39JUcNdBWJ9v8aBPsLyrPNJdvgBqluK9nh_4POjXFGP_-nKg2-UwIeYy7aDRIrY4G3HcdXyrwFCBfAmORPtl_EOIbYlml3KLQUmxqF3FfftHim6W0yM7erL538C5TlYX_A7-R1Cw1T88GO0yQ3bkoItNatKxbNz6G22sTWUoPGWr5o&__tn__=%2CO%2CP-R
11. “62’dan 63ga”, Millij Türkistan, 1949, Sayı 64, s. 6.
12. “Biznin Yol”, Millij Türkistan 1942, Sayı 1, ss. 3-4.
13. Andican, A. “Baymirza Hayit’in Milli Türkistan Birlik Komitesi İçerisindeki Faaliyetleri”. Doğumunun 100. Yılında Baymirza Hayit ve Günümüzde Türkistan Tarihi Araştırmaları Uluslararası Sempozyumu Bildirileri. (Editörler: Abdulvahap Kara, Ömer Kul, Filiz Ferhatoğlu). (9-10 Ekim 2017). İstanbul. 2017, ss. 25-33.
14. Asan Bek, “Barlıq Hareketler Azadlıq Üçün,” Millî Türkistan, II/13-14 (I Şubat 1943), s. 14-22.
15. Aydın, M, K. II. “Dünya Savaşi’nda Türkistan Lejyonu: kuruluşu, faaliyetleri ve türkiye’nin yaklaşimlari”, Tarih Okulu Dergisi (TOD) Ağustos 2019 Yıl 12, Sayı XLI, ss.621-663.
16. Aydın, M. İkinci Dünya Savaşı ve Türkiye”. Türk Dış Politikası Kurtuluş Savaşından Bugüne Olgular, Belgeler, Yorumlar, İstanbul, 2002.
17. Çelik, L. “II. Dünya Savaşı Döneminde Nazi Almanyası Tarafından Kurulan Türkistan Lejyon Ordusu’nun Savaşa Etkileri”. Doğumunun 100. Yılında Baymirza Hayit ve Günümüzde Türkistan Tarihi Araştırmaları Uluslararası Sempozyumu Bildirileri, (9-10 Ekim 2017). İstanbul. ss. 177-224.
18. Çolak, Fatih. “Almanya’nın Doğu Siyaseti Çerçevesinde Türkistan’a Bakışı (20. Yüzyıl Başı)”, Doğumunun 100. Yılında Baymirza Hayit ve Günümüzde Türkistan Tarihi Araştırmaları Uluslararası Sempozyumu Bildirileri, (9-10 Ekim 2017). İstanbul, 2017, ss. 389-401.
19. Dağcı, Cengiz, Hatıralarda Cengiz Dağcı (Yazarın Kendi Kaleminden), İstanbul, 1998.
20. Dallin, Al. German Rule in Russia: 1941-1945 A Study of Occupation Policies. Westview Press: New York, 1981.
21. Ertürk, Cebbar. Anayurtta Unutulan Türklük, Kayseri, 1956.
22. Fischer, G. Soviet Oppsition to Stalin: A Case Study in World War II, Cambridge, 1952.
23. Gerede, H. Harb İçinde Almanya 1939-1942. Ankara, 1994.
24. Gilyazov, İ. Türk-Tatar Idil-Ural Mücadele Birligi” - “Tatar Lejyonu”. (Çev: Alper Alp). Türk Dünyası Tarih Kültür Dergisi. 2005, Sayı: 221ss. 20-23.
25. Glantz, D. M.).Barbarossa: Hitler's Invasion of Russia 1941, United Kingdom, 2001.
26. Hıdıraliyev, D. Mustafa Çokay-Hayatı. Faaliyetleri ve Fikirleri, Ankara, 2001.
27. Hostler, C. W. “The Turks and Soviet Central Asia”, Middle East Journal, 1958.“ Vol. 12. No:3. Ss. 261-269.
28. Hüseyin İ. H. Allah Biz Bilân”. Millî Türkistan. Cilt: IV. Sayı: 83. 1953.“ Şubat-Mart.
29. Hüseyin İ.H. Bir Türkistanlının İkinci Dünya Savaşı Hatıraları. Bedir Yayınları: İstanbul. 1999
30. Kara, A. Cengiz Dağcı ve II. Dünya Savaşında Türkistan Lejyonerleri”. Uluslararası Cengiz Dağcı Sempozyumu. (Hazırlayanlar: Nurcan Ankay, Deniz Depe).Bildiri Kitabı. Eskişehir, 2017, (16-17 Mayıs). Ss.149-155.
31. Kara, A. Hokand Muhtariyeti, Ankara, 2002.
32. Koçar, Ç. “Milli Türkistan”, Türk Yurdu, 100.yıl, Sayı, 285, 2011, s. 26.

33. Kokebayeva, G. “The Place of Turkestan in the First half of the 20th Century”, Bilig. Sayı: 76. 2016, ss.117-137.
34. Kumru, Coşkun. Türkistan Lejiyonu: İkinci Dünya Savaşında alman Saflarında Savaşan Türkler, İstanbul, 2024.
35. Lejyon Askeri Çigatay, “Biznin Batalion,” Millî Türkistan, II/21 (I İyun 1943), s. 24-27.
36. Motadel, D. Islam and Nazi Germany’s War, Londra, 2014.
37. Mühlen, P. İkinci Dünya Harbi’nde Sovyet Doğu Halkları Gamalıhaç ile Kızılyıldız Arasında, İstanbul, 2006.
38. Musagalieva, A. II. Dünya Savaşı’nda Kazaklar ve Kazakistan”. (Çev. Abdrasul İsakov). İkinci Dünya Savaşı ve Türk Dünyası.(Yayına Hazırlayanlar: Nesrin Sarıahmetoğlu, İlyas Kemaloğlu), İstanbul, 2016, ss. 139-160.
39. Oraltay, Hasan. “Millî Türkistan Birlik Komitesi’nin 1. Kongresi,” 21. Yüzyılda Türk Dünyası Jeopolitiği: Muzaffer Özdağ’a Armağan, İstanbul 1973, s. 174-178.
40. Özcan, Ö. «Türkistan İstiklal Yolunda Hicret Yılları. Zuhriddin Mirza Abid Türkistani”, 21. Yüzyılda Eğitim ve Toplum. Cilt: 4. Sayı: 10. 2015, (Bahar). ss. 239-242.
41. Özkarabekir, C. Her Cephede Savaştık, Ankara, 2005.
42. Razak uulu, Dastanbek. XX. Yüzyılda Türkiye-Kırgızistan İlişkileri, doktora tezi, Dpkuz Eylül Üniversitesi, 2023.
43. Şahnazov, Bahtiyar, Türkiye’deki Özbekler, Gerçek yaşam Öyküleri, Temiz-İş Matbaası, İzmir, 2008.
44. TBMM.(1951).TBMM Tutanak Dergisi. Dönem: IX. Cilt: 9. Toplantı: 1. 101. Birleşim (18 Temmuz).
45. Uzunel, N. Avrupa Muhaceretindeki Türkistan Basını: Milli Türkistan Dergisi (1942-1975). Yayınlanmamış Yüksek Lisans Tezi. Marmara Üniversitesi Türkiyat Araştırmaları Enstitüsü. İstanbul, 2012.
46. Uzunel, N. Milli TürkistanTtürkistanlı Muhacirlerin Avrupa'daki Dergisi 1942-1975, İstanbul, 2016.


**Түркстан Улуттук Биримдик Комитетинин Туусу**



**Түркстан легионундагы орто азиялык аскерлер**

